2-декабрь, 2021-жыл
e-mail: miratt78@mail.ru

# Баялы Исакеевдин келечегине кам көргөн Акмолдо бий



Менин колума Семирченский облатсынын аскер губернаторунун 23-ноябрь 1915-жылы Верный шаарында чыгарган буйругунун көчүрмөсү тийди.

Бул тарыхый маалыматты Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын-акиминин биринчи орун басары Нурлан Эшмукамбет уулу берди. Анда Пржевальск уездине үч жылдык мөөнөткө 1916-1918-жылдарга волосттук башкаруучу болуп Айдар Көбөгөнов, кандидаттыкка Иле[illegible]ь Итаяков, элдик сотко, бийдин ордуна №1 айылга Йоранку Таныстамов, кандидаттыкка Тилекмат Жийдебаев, №2 айылга бий болуп Акмолдо Карасаев, кандидаты болуп Мансур Чолпонбаев, №3 айылга Сары Жантаев, кандидатына Матабек Атаманов, №4 айылга Орозалы Токоманов, кандидат Байбосун Сарин, №5 айылга Абдраван Кулболотов анын кандидаты Токтосун Капсаламов, № 6 айылга Абдылда Солтонкулов, кандидаты Жунус Мамажанов (№7 айылдан баштап бий кандидаттары жазылган барак жок) дайындалганы айтылат. Аталган архивдик маалыматта жогорудагы бийлердин ичинен Акмолдо Каракерди судьялык кызматка бекитүү укугуна губернатор гана ээ болуп, жаңы шайлоолорду дайындаган. Судья ооруп же каза болгон учурда анын милдетин губернатордун макулдугу менен судьялык талапкер аткарган. Сотторду тутумун судьялар (бийлер, казылар), судьялардын курултайы, судьялардын чукул курултайы түзгөн. Бий менен казылар институту падышалык соттордун катарында сакталып калган.

Бий менен казылар кызматтык милдеттерин аткарууда тагынуучу өзгөчө белгилер, кызматтык мөөр, чечимдер катталуучу китептер менен камсыз болушкан.

Сарбагыштын Надырбек уулундагы белгилүү манап Зарпбек уулу Карасай Акмолдо, Иманаалы, Өмүраалы, Курманаалы деген төрт уулдуу болот. Уулдарын жергиликтүү молдодон окутуп кат сабатын жойдурган. Акмолдо жашынан калыс болуп чоңоюп, ар кандай чыр чатактарды чечүүгө катышып жүрөт. Абыке уулунда бий шайлоо өтүп, Жаркынбайдын уулун бийдин кызмат ордуна шайлаайтып бастырып кетчи. Ошол үчүн эл "Акмолдодой болуш табылбайт" деп сый-урмат менен эстеп жүрүшөт"-деп эскерчү дейт. Залкар акын Молдо Кылыч да ошол Акмолдодон билим насаат алыптыр"- деп айткан экен көзүнүн тирүүсүндө.

Молдо Кылычтын эскерүүсүндө ал Акмолдодон билим алганын айткан жайы бар. Бирок, кайсы Акмолдо экени белгисиз. Акмолдо болуш болгону тууралуу менде так маалымат жок. Ошол себептүү Акмолдо бий деп эле жаза берели.

Акмолдонун үйүнө досу Исаке уулу Дыйканбай көп каттачу экен. Келгенде уулу Баялыны өңөрө келип, эрмектешип олтурушкан учурлар болгон. Алар бир туугандан артык катышып келечектүү кылуу максатында Дыйканбайдын үч жашар уулу Баялы менен Акмолдонун бир жаштагы Калыя аттуу кызын чыбык кыркып бел куда болушат. 1900-жылдары Дыйканбай катуу оорудан кайтыш болуп, Баялы чоң атасы Исакенин колунда калат. Аймакта кадыр-баркы зор, нускалуу бир туугандар Көбөгөн, Дөөткул Шыгаевдер, Надырбек уругунун Абыке уулунан чыккан Акмолдо Карасаев, Семиз-Бел болуштугунун болушу, Арык тукумунан Сагын Ниязбеков жана башкалар турган.

Алардын арасында карапайым кедей үй-бүлөдөн Самак Төрөгелди уулу дагы жетекчилик иштерге катышкан. Кыргыздар айылды 9-августтан 12-августка чейин курчап, урушта жүзгө жакын кыргыз өлүп, орустардан бир унтер-офицер, отуздан ашык казак-орус курман болушкан. Нарын участогунун начальниги Хохалев жана тилмечи Эсенаман уулу Кылжыр 30 солдат менен Кара-Коого келе жатканын көргөн Черикчи уруусунун жигиттери астынан тосуп чыгат. Чукул келгенде черикчилер чабуул коёт. Аскерлер аткылаганда качырып келаткандардан экөө өлүп токтолуп калышат. Хохалев Столыпинага кирип, ал жакта жашаган орустарды кошуп Үчүке элин каптайт. Аңгыча Сагын болуш Ниязбек уулу 80-90 жигитти менен, көчүп кеткен байдын коргонуна аскерден мурда




жетип, бакка жашынып аткылашат. Сагын болушта орустардан колго түшүргөн 20-30 орус мылтыгы бар экен( Бул тууралуу Белек Солтоноев Кызыл кыргыз тарыхы китебинде эскерген). Кыргыздардын огунан эки-үч аскер аттан жыгылып, калганы кайта Кара-Коого кире качышат. Артынан Дөөткул Шыгаев, Сагын болуш, Акмолдо бий, Тезекбай Түлкү уулу баштаган Арык тукуму,Үчүке эли, Надырбек сарбагышы кошулуп миң чамалуу кол каптайт. Хохалев аскери менен бир коргонго жашынып пулёмот менен аткылашат. Үч күндүк кандуу кармаштан кийин падыша-

саев 1908-жылы 44 жашында, 1912-жылы 48 жашында Жоон-Арык болуштугунун экинчи айылына судья болуп шайланганы, 26 шайлоочу колдогону тууралуу жазылган.



Айта кетсек XIX кылымга чейин кыргыз элинде бий, казылар соттун милдеттерин алып барышып, көчмөн кыргыз жана башка улуттардын ортолорунда чыккан талаш-тартыштарды үрп-адат, каада-салт жана шарият укуктарынын негиздери менен чечишкен. Бул тартип кыргыз элинде Россия падышачылыгынын курамына киргенге чейин колдонулган.



Падышалык Россиянын учурунда Кыргызстандын аймагы Туркестан генерал-губернаторлугунун областарына бөлүнгөн. Түндүк Кыргызстан - Семиреченск облусунун (Пишпек, Пржевальск аймактарына-уезддерине), Талас өрөөнү - Сыр-Дарыя облусунун (Аулие-Ата аймагы), ал эми түштүк Кыргызстан - Фергана менен Самаркан облустарынан (Андижан, Ош, Наманган, Ходжен аймактары жана Памир району) курамына кирген. Россия Империясынын 1886-жылы кабыл алынган «Түркестан жергесин башкаруу жөнүндөгү» жобосуна ылайык Түркестандын жергиликтүү элдеринин соттук тутуму белгиленген, анын негизинде бир нече атайын жана жалпы падышалык соттору түзүлгөн. Аларга аскердик соттук комиссия, соттук административдик органдар, округдук соттор, соттук бөлүмдөр, областтык башкаруу, аймактык жана мировой соттору кирген. Кыргызстандын аймагын Скобелев менен Верный шаарларындагы округдук соттор тейлеген.

Жобого ылайык судьялар генерал-губернатор тарабынан үч жылга элдин тандоосу менен дайындалган. Ар бир судьянын кызматына эки талапкер тандалган, бирок талапшат. Ошондо генерал-губернатордун өкүлү Жаркынбайдын уулун жактырбай, «башка талапкер тапкыла» -деп бекитпей коёт. Жаңы шайлоо дайындалып Акмолдонун талапкерлиги жактырылып, шайлоодо жеңишке жетишет. Ошондон баштап жети жолу удаасы менен бий кызматына шайланган.

Исакеев айылынын тургуну ыраматылык Турдубек Арыков: "Акмолдо кара кылды как жарган калыс адам болгон. Бүткүл Ысык-Көл, Нарын аймагында оозго алынган, кадырлуу инсан болуптур. 1861-жылга чейин Надырбек менен Эсенгул эли азыркы Чолпон-Атадан бери Көк-Ой, Сары-Ой ( Калыгул Бай уулу жердеген жерлер) аягы Балыкчынын Сары-Камышына чейин жердеп турган. Тилекмат уулу Чыныбай менен Шабдан экөөнүн араздашуусунан Акмолдо элди Кочкор бооруна көчүрүп келген экен. Акмолдонун биринчи жигити Алжанбай уулу Маадабай, экинчиси Өскөнбай Орус уулу болгон. Маадабай өмүрү өткүчө Акмолдого жигит болуп жүргөн. Маадабай айтып калчу экен: "Үчүке элинин болушу Акмолдо аксакал каякка чакырса да калыстык үчүн кете берчү. Нарынгабы, Көлгөбү, Кочкоргобу бара берчү. Араздашкандар кедей болобу же манап болобу ага карабай калың элдин алдында бир гана калыстык сөзүн



аяш атасы Акмолдо Исакенин үй-бүлөсүнө арка-жөлөк болуп, аяш уулу Баялыга өзүнүн нускалуу сөздөрүн көп айтып турган. Аяш уулу Баялынын идирегин байкаган Акмолдо бий 1913-жылы Нарындагы орус-тузем мектебине өткөрөт. Бул мектеп 1900-жылы жергиликтүү болуштуктардын каражаты менен ачылган. Ошентип орус-тузем мектебинен билим алуу менен Баялы Исакеевдин кийинки ишмердигине жол ачылган. Азыр Исакеев айылында «Акмолдонун учу», «Маадабайдын учу», «Өскөнбайдын учу» деген жерлер бар. Башында эскергендей Маадабай менен Өскөнбай Акмолдонун жигиттери болгон. Алар дайым жанаша кошуна туруп, ар кандай кырдаалдарда чогуу жүрүшкөн.

1916-жылдын 25-июнунда жарыяланган Николай IIнин жергиликтүүлөрдү тылдагы жумуштарга мобилизациялоо жөнүндө буйругу жергиликтүү бий-болуштарга түшүндүрүлөт. Орусия империясынын мурдагы коргоо министри, генерал-губернатор А.Н.Куропаткиндин аскердик-тылдык кара жумушка Түркстандагы дыйкан калктарга караганда, көчмөн элдердин адамдары көбүрөөк пайызда чакырылсын деген чечими казактар менен кыргыздардын куралдуу көтөрүлүшкө чыгуусуна жол ачкан. Акмолдо бий «Орустун куралы күчтүү, сураганын берели» деп аскерге тизме тиздирип, элди тынчтанууга чакырат. Бирок эл: «Акмолдо бизди оруска кармап бергени жатат» деп, наразычылык күч алганда, "эмне болсо да эл менен болоюн" деп, көтөрүлүшчүлөрдү жетектөөгө аргасыз болгон.

1916-жылдын 9-август күнү Кочкор өрөөнүнүн күн чыгыш тарабындагы Семиз-Бел( Кара-Күнгөй, Ак-Өлөң, Оттук, Карашаар айылдары кирген), Жоон-Арык, Борукчу, Ниязбек болуштуктарындагы эл орустардын Столыпино (Кочкор) кыштагына чабуул коюшкан. Алардын башында Ниязбек болушунан Ормон хандын небереси Жапай Көкташ уулу, Тезекбай Түлкү уулу, Борукчу болуштугунан Ормон хандын чоң атасы Эсенгул баатырдын Базаркул деген баласынын тукумунан чыккан Рүстөм Садыров, манап Турдубай Жангелди уулу, Көчкөмбай Тагаев жана Жоон-Арык болуштугунан Надырбек уругунун манаптары, лык өтөрчүл бийликтин Нарын участогунун начальниги Хохалев аскердик топ менен селодон орус тургундарын алып качып, көтөрүлүшчүлөр 11-августта Столыпина селосун талкалашкан. Эртеси 12-августа Кочкордун күн чыгыш аймагындагы Ниязбек, Борукчу жана Жоон-Арык үч болуштуктун Эсенгул эли Ормон хандын бир тууган иниси Түлкүнүн уулу Тезекбай манапты хан шайлашкан (7.-269-273). Жетекчиликти колуна алган Тезекбай түтүнгө бирден кишини аскердикке жыйнай баштаганда орустардын жазалоочу аскер отряддары Кочкорго жакындап калды деген имиштердин тарашы менен ал иш аягына чыкпай калган.

Эл бүлүнүп качып, Беделди ашып, Үч-Турпанга барышты.

Турпанда эл ачкадан кыйналып турганда Акмолдо бий «Кыздын жаманы- кыр ашырат» деп кызы Калыяны уйгур байы Сейдимбайга берет. Ошону менен Сейдимбай бүт Абыке уулуна каралашып, баарына кызмат таап берип, жандарын багып жакшы жашашат. Калыя Сейдимбайдан бир уул төрөйт. Безгек оорусуна чалдыккан Калыя ажырашып ата-энеси менен Кочкорго келет. Ал жактан кичине кезинде сөйкө салган Баялы Исакеевге турмушка чыккан.

1924-жылдары Баялы Исакеев Казак АССРинин Лепси уезддик партия комтетинин үгүт-насыят бөлүмүнүн жетекчиси болуп иштеп турганда, Калыя учук оорусуна чалдыгат. Ал учурда бул дартты айыктырууга медицинанын күчү жете элек болчу. Баялы Жети-Суу уезддик катчысына-«Аялым Калыяга бул жердин абасы жакпай ооруга чалдыкты. Ушул себептүү мени Пишпекке которуп коюуңузду өтүнөм» деп кат жолдойт. Баялыны кичинесинен билген, анын келечегине ишенген насилдүү, адамкерчиликтүү Акмолдо: «Уулум, силердин кыйын абалга туш болгонуңарды көрүп турам. Алдыда эл керегине жарачу иштериң көп. Калыя болсо сенин иштериңе жардамын тийгизе албайт» -деп мыйзамдуу жол менен ажыраштырып алып кетет. Баялы кийин Абай Кунанбаевдин чөбөрөсү Муслима Байгалы кызына үйлөнүп, партиялык түйшүктүү иштерин улантат. Акмолдо кызын дарылатып Акмолдоева Калыя Элкомдо ( Аялдар советинде), кийинчерээк Кочкор райкомунда, кийин бир фабриканын жетекчиси болуп иштеген. 1955-56-жылдары Акмолдоева Калыя Кашгарга баласына барып келген. Кытай менен Советтер Союзунун мамилеси бузулганына байланыштуу алардын байланышы үзүлгөн. Баялы Исакеевдин келечегин көрө билип, анын келечегине шарт түзгөн Акмолдо бийдин тукумдары "Аккан арыктан суу агат" дегендей ар кандай кызматтарда иштеп келе жатышат

**Майрамбек ДЕРКЕНБАЕВ.**